ТалМУнун Окумуштуулар
кеңешинде каралып,
**жактырылды**
Протокол № 11
«25» июнь 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
ТалМУнун ректору техн.и.д.,
профессор Ж.С. Шаршембиев
«___» июнь 2025-ж.

# ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТТАРЫНЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Талас - 2025**

## 1. Жалпы жоболор

1. Талас мамлекеттик университетинде (мындан ары – ТалМУ) жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо менен аяктайт.

2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы № 258 токтомуна ылайык иштелип чыкты жана ТалМУда бардык формадагы жогорку кесиптик билим берүү программаларды өздөштүрүп жаткан бүтүрүүчүлөргө карата колдонулат.

3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун максаты – ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик тапшырмаларды аткарууга даярдык деңгээлин жана алардын даярдыгынын мамлекеттик стандарттарга шайкештигин аныктоо.

4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация аккредитацияланган ТалМУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүндө жүргүзүлөт. Аттестацияга билим берүү программасын толук өздөштүргөн студенттер гана киргизилет. Аттестациядан ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө тиешелүү квалификация жана мамлекеттик үлгүдөгү диплом ыйгарылат.

5. Аккредитациясы жок окуу жайларда билим алган бүтүрүүчүлөрү ТалМУда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өтө алышат. ТалМУ аларды аттестациялоодо Жободо белгиленген жалпы принциптерди жана мамлекеттик стандарттарды толук сактайт.

## 2. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактын түрлөрү

6. ТалМУнун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун жыйынтыктоочу аттестациялык сынагынын түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

1) бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоо;

2) мамлекеттик экзамен.

7. Бүтүрүүчү квалификациялык иштер төмөнкүдөй формада аткарылат:

1) бакалавр квалификациясы үчүн - бакалаврдын бүтүрүүчү иши формасында;

2) адис квалификациясы үчүн - дипломдук иш (долбоор) формасында;

3) магистр квалификациясы үчүн - магистрдик диссертация формасында.

8. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темалары ТалМУ тарабынан аныкталат жана бекитилет. Студент зарылчылыкка жараша өзүнүн темасын да сунуштоого укуктуу. Бакалаврлардын бүтүрүүчү иштери мурда аткарылган курстук иштер менен долбоорлордун жыйынтыктарын жалпылоого негизделип, теориялык окутуунун акыркы этабында жактоого даярдалышы мүмкүн. Ар бир бүтүрүүчү ишке жетекчи дайындалат. Магистрлердин жана адистердин бүтүрүүчү квалификациялык иштерине сөзсүз түрдө рецензия жүргүзүлөт, ал эми рецензиялоо тартиби университет тарабынан белгиленет.

9. Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткаруунун шарттары жана мөөнөттөрү ушул Жобонун, жогорку кесиптик билим берүүнүн тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде ТалМУ тарабынан белгиленет.

10. ТалМУнун кафедралары тарабынан жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын программасы, суроолордун тизмеги жана баалоо критерийлери иштелип чыгат жана бекитилет.

## 3. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары

11. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары өз ишинде Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарын, ушул Жобону, жогорку

кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын, ТалМУ иштеп чыккан окуу-методикалык документтерди жетекчиликке алат.

12. МАКтын негизги функциялар:

1) бүтүрүүчүнүн даярдыгы мамлекеттик стандарттарга жана негизги билим берүү программасынын күтүлгөн натыйжаларына шайкеш экенин аныктоо;

2) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгына жараша квалификация ыйгаруу жана тиешелүү үлгүдөгү диплом берүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

3) мамлекеттик аттестациялоо комиссиянын ишинин жыйынтыктарынын негизинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоону өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

13. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо үчүн ар бир багыт жана адистик боюнча жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүү үчүн мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамы ТалМУ тарабынан бекитилет. Бир программа боюнча бир нече комиссия түзүлүшү мүмкүн. МАКтын иши бир календардык жылга эсептелет.

14. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы тармактык иш берүүчүлөрдүн, профессордук-окутуучулук курамдын жана илимий кызматкерлердин арасынан 5 адамдан кем эмес санда түзүлөт, мында иш берүүчүлөрдүн үлүшү комиссиянын курамынын жалпы санынын 2/3 бөлүгүнөн кем болбоого тийиш.

15. Директорлор/декандар, кафедра башчылары жана администрация өкүлдөрү комиссия курамына кирбейт.

16. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясын тиешелүү профилдеги бүтүрүүчүлөр үчүн потенциалдуу иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнүн бири төрагалык кылат, ал мүмкүн болбогон учурда ушул адистиктеги илимдин доктору же кандидаты жетектейт; төрага ТалМУда иштебеш керек жана катары менен эки жылдан ашык төрагалык кыла албайт. Төрага комиссиянын ишин уюштуруп, талаптардын бирдей аткарылышын камсыздайт, ал эми билим берүү уюму ар бир багыт боюнча төрагалардын өз маалымат базасын жүргүзөт.

## 4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби

17. ТалМУда өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал шарттарында жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-февралындагы №76 токтому менен бекитилген аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу тартибине ылайык онлайн режиминде өткөрүлүшү мүмкүн. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагынан сыртта болуп, күтүлбөгөн жагдайлардан улам аттестацияга катыша албаган бүтүрүүчүлөр үчүн аттестация ТалМУнун Аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен билим берүү Жобосунда жана университеттин ички укуктук-ченемдик актыларында белгиленген талаптарды сактоо менен онлайн форматта уюштурулушу мүмкүн.

18. Аттестациянын тартиби ТалМУ тарабынан иштелип чыгып жана билим алуунун бардык формаларындагы бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация башталганга чейин жарым жылдан кечиктирилбестен маалымдалат. Бүтүрүүчүлөр мамлекеттик экзамендердин программалары менен камсыз болушат, аларга даярдоо үчүн зарыл шарттар түзүлөт, консультациялар өткөрүлөт.

19. ТалМУда бүтүрүүчү квалификациялык иштин жактоосу (жабык темаларды кошпогондо) мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамынын кеминде үчтөн экиси катышкан ачык жыйында өткөрүлөт. Аттестациялык сынактарды өткөрүү тартиби университет тарабынан белгиленет, ал эми комиссиянын ар бир жыйыны күнүнө 6 сааттан ашпоого тийиш. Жыйынтыктоочу аттестациянын бардык түрлөрү ТалМУнун баалоо шкаласына ылайык («эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес») бааланат жана жыйынтыктар протокол толтурулгандан кийин ошол эле күнү жарыяланат.

20. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактоого билим берүү программасын толук өздөштүргөн жана жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардын бардык башка түрлөрүнөн ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө жол берилет.

21. Бүтүрүүчүгө бакалавр, магистр квалификациясын ыйгаруу жана мамлекеттик үлгүдөгү кесиптик жогорку билими жөнүндө диплом берүү чечими мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын оң жыйынтыктары негизинде мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы тарабынан кабыл алынып, протокол менен расмий тариздемет. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын чечимдери жабык жыйындарда комиссиянын төрагасынын же анын орун басарынын милдеттүү түрдө катышуусу менен жыйынга катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштардын саны тең болгон учурда комиссиянын төрагасы (же аны алмаштырган комиссиянын төрагасынын орун басары) чечүүчү добуш укугуна ээ болот. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын бардык чечимдери протокол менен тариздемет.

22. Бардык экзамендерди "эң жакшы", "жакшы" деген бааларга тапшырган жана окуунун бардык мезгилинде жетишүүнүн орточо баллы 3,75тен төмөн эмес (GPA - Grade Point Average) болгон, ошондой эле бардык жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды тапшырган жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти "эң жакшы" деген баага жактаган бүтүрүүчүгө артыкчылык диплому берилет (аскердик даярдык боюнча бааны эске албастан). Бүткүл окуу мезгилиндеги студенттин орточо баллы дипломдун тиркемесинде көрсөтүлөт.

23. ТалМУда негизги билим берүү программасын аяктап, жыйынтыктоочу аттестациялык сынактардан талап деңгээлин тастыктай албаган бүтүрүүчүлөр калыбына келтирилгенден кийин университет белгилеген тартипте кайра тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет. Эгер кайра тапшыруу бүтүрүүчү иштин жактоосун камтыса, студент окуу планында көрсөтүлгөн мөөнөттө жаңы тема боюнча жаңы иш даярдайт. Бүтүрүүчү иштин темасы жана тапшырмасы белгиленген мөөнөт башталаардан мурда бекитилип, студентке 10 календардык күн алдын ала берилет.

24. Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды кайра тапшыруу биринчи аттестациядан кийин кеминде 3 ай, бирок 5 жылдан кеч эмес мөөнөткө дайындалат. Кайра тапшыруу университет тарабынан эки жолудан ашык белгиленбейт. Оң бааны жогорулатуу үчүн аттестацияны же бүтүрүүчү ишти кайра тапшырууга жол берилбейт.

25. Жүйөлүү себептерден улам (медициналык көрсөткүчтөр , үй-бүлөлүк шарттар боюнча документ менен тастыкталган) аттестацияга катыша албаган бүтүрүүчүлөр окуудан чыгарылбастан кайра тапшыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот, ал эми жыйынтыктоочу мамлекеттик комиссиянын кошумча жыйындары университет белгилеген тартипте уюштурулат.

26. ТалМУда жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы институттардын жана университеттин окумуштуулар кеңешинде комиссия төрагаларынын жазуу отчетторун негизинде угулат. Протоколдор жана отчеттор архивде сакталат, ал эми комиссиялардын электрондук отчеттору адистерди даярдоо сапатын жакшыртуу боюнча сунуштар менен кошо эки ай ичинде билим берүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан талап кылынса жөнөтүлөт. Зарыл болсо бул орган отчеттордун түп нускасын талап кыла алат.

27. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын ишине мониторинг жүргүзүү билим берүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ишке ашырылышы мүмкүн.

## 5. Корутунду жоболор

28. Ушул Жобо ТалМУнун Окуу-усулдук кеңешинде талкууланып, сунушталган өзгөртүүлөр жана тактоолор менен Окумуштуулар кеңешинде каралып, жактырылгандан кийин ректордун буйругу менен бекитилет.

29. Жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын уюштурулушуна жана өткөрүлүшүнө байланыштуу бардык тартиптик маселелер ушул документке ылайык жөнгө салынат.

30. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор зарыл болгон учурда Окуу-усулдук кеңеште каралып, Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун бекитүүсү менен ишке киргизилет.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

Окуу жана илимий иштери боюнча проректор,
Окуу-методикалык кеңештин төрагасы Сурапов А.К.

Окуу бөлүмүнүн башчысы Турсалиева Г.Ж.